# Усулдук бирикме жөнүндө Жобо

1.Жалпы жоболор

1.1.Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим беру боюнча сунуштамасынын негизинде,билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү төрттөн кем эмес мугалимдин катышуусунда түзүлөт.

1.2.Иштин негизги багыттарын, формаларын жана усулдарын,усулдук бирикмелеринин мүчөлөрү,билим берүүчү уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык аныктап,билим берүүчү уюмдун усулдук кеңеши бекитет.

1.3.Билим беруучу уюмдарда тарбиячылардын,класс жетекчилердин жана башка ушу сыяктуу усулдук бирикмелери түзүшү мүмкүн.

1.4.Усулдук бирикмелердин саны мүчөлөрүнүн саны,билим берүүчү уюму аткармакчы болгон милдеттери чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да,педагогикалык кенештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.5.Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер,окуучуларга тийиштуу билим беру тармагындагы предметтер боюнча даярдайт.

1.6.Усулдук бирикмелер билим беруучу уюмунун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (ИУИ боюнча орун басарынын) көрсөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт,кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.7.Усудук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына түздөн–түз баш ийишет.

1.8.Усулдук бирикмелер ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын,билим берүү тармагына тиешелуу мыйзамдарынжана ченемдик-укуктук актыларына жетекчиликке алышат.

**2.Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары**

2.1.Мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу,ошондой эле жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү.

2.2.Предметтер боюнча билим беру тармактары окутуу сапатына,максаттарына жана натыйжаларына карата бирдиктуу талаптарды камсыздоо.

2.3.Бирдиктуу билим берүү,тарбиялоо инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсун камсыздоо,чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү.

2.4.Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн натыйжалуулугун баалоо.

3.Мектептеги усулдук бирикменин милдеттери

3.1.Билим маселелери боюнча ченем жана усулдук документтерди иликтөө,мектеп денгээлиндеги ченемдик документтерди(нускамаларды,жоболорду,келишимдерди)иштеп чыгуу.

3.2.Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу.

3.3.Сабак берүүнүн түрдүүлүгүн жана аркыл денгээлдүүлүгүн эске алып,предмет боюнча автордук окуу китептердин мазмунун иргөө жана түзүп чыгуу.